Кишинин сарптаган акчасынын эң абзели: Үй бүлөсүнө сарптаган акчасы, Аллах жолунда казатка чыгуу үчүн ат-улоосуна сарптаган акчасы жана Аллах жолунда жүргөн жолдошторуна сарптаган акчасы

Савбан (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кишинин сарптаган акчасынын эң абзели: Үй бүлөсүнө сарптаган акчасы, Аллах жолунда казатка чыгуу үчүн ат-улоосуна сарптаган акчасы жана Аллах жолунда жүргөн жолдошторуна сарптаган акчасы". (Хадисти риваят кылгандардын бири) Абу Килаба: "Алгач үй-бүлөдөн баштады" - деп, андан кийин Абу Килаба дагы сөзүн улай: "Жаш балдарын камсыз кылып, аларды сурануудан, муктаждыктан чыгаруудан өткөн сооптуу каржылоо болмок беле?!" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) каржылоону сүрөттөп, каржы кыла тургандар көп болсо, алардын эң зарылынан баштоо керектигин, ирети менен айтып берген. Каржылоонун сообу эң көбү - өзү каржылоого милдеттүү болгон адамдарга берилген каржы болот. Мисалы, аялына, баласына ж.б. Андан кийинкиси, Аллах жолундагы согушка даярдалган улоого кетирген каржысы. Андан кийин Аллах жолунда согушка кетип жаткан дос, жолдошторуна берген каржысы.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3267